| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КОЛ ОБЛАСТЫ<br>ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ<br>БАРСКООН АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>БАРСКООНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Барскоон айылдык кенешинин XXVIII чакырылышынын 1 кезектүү сессиясынан**

ТОКТОМ

"19" январь 2024-жыл **№2** Барскоон айылы

**Айыл калкынын ичүүчү таза суу пайдалануу тарифтерин жогорулатуу жөнүндө**

Ичүүчү таза суу пайдалануучулардын сууга болгон төлөмдөрүн оптималдаштыруу, айылдын калкын ичүүчү таза суу менен үзгүлтүксүз камсыз кылууга шарттарды түзүү максатында суу пайдалануу тарифтерин жогорулатуу жөнүндө "Таарылга-Булак" таза суу бирикмесинин жетекчиси Ы.Иманалиевдин сунушун угуп талкуулап, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамынын 39-беренесине ылайык жана айылдык кенештин регламентин жетекчиликке алып айылдык кенештин сессиясы токтом кылат:

1.Айыл жашоочуларына ичүүчү таза суу пайдалангандыгы үчүн төмөндөгүдөй тариф бекитилсин:

-турак үйүндө суу түтүгү барларга, киши башына 20 сом өлчөмүндө;

-суу түтүгү жок үйлөргө киши башына 10 сом өлчөмүндө;

2.Ичүүчү таза сууга болгон төлөмдөрүн өз мөөнөтүндө жыйналышын камсыз кылуу жагы "Таарылга-Булак" таз суу бирикмесинин жетекчиси Ы.Иманалиевге тапшырылсын.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын айыл өкмөтүнүн башчысы А.Асанбаевге тапшырылсын.

**Айылдык кенештин төрагасы:** **М.Ибаков**

А.Жаныгулова
0707577579

Жиберилди: айылдык кенештин иш кагаздарына-1-нуска, айыл өкмөтүнүн иш кагаздарына-1нуска, Таарылга-Булак-1 нуска, баардыгы 3 нуска